DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2019

## ЭКОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
## ЭКОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## ECOLOGICAL SCIENCES

*Долонова Г.М.*

# ЖЫТТУУ КӨКӨМЕРЕНДИН (*ZIZIPFORA CLINOPODIOIDES*) ЭКОЛОГО-ФИТОЦЕНОЛОГИЯЛЫК МҮНӨЗДӨМӨСҮ ЖАНА ЗАПАСЫ

*Долонова Г.М.*

# ЗАПАСЫ И ЭКОЛОГО-ФИТОЦЕНОЛОГИЧЕСКАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА (*ZIZIPFORA CLINOPODIOIDES*) ЗИЗИФОРЫ ПАХУЧКОВИДНОЙ

*G.M. Dolonova*

# COMMUNITY ANALYSIS OF SOME USEFUL PLANTS USED IN TRADITIONAL KNOWLEDGE

*УДК: 633.88*

*Бул макалада Алай кырка тоосунун түндүк капталында өскөн жыттуу көкөмерен (Zizipfora clinopodioides) өсүмдүгүнүн азыркы кездеги абалы жана биоценоздогу коомдоштуктарын изилдөөнүн жыйынтыгы жөнүндө берилди. Алай кырка тоосунун түндүгүндө да жыттуу көкөмерен кеңири таралгандыгы белгилүү болуп, жыштуу кездешкен жерлериндеги өсүмдүктөрдүн үч коомдоштугу изилденди. Бул коомдоштуктагы өсүмдүктөрдүн ассоциацияларынын жыштуулугу, вегетациялык убагы жана кабаттуулугу аныкталды. Фитоценоздогу чөп өсүмдүктөрдүн эдификаторлору, соэдификаторлору, ассекаторлору көрсөтүлдү. Коомдоштук үч кабаттуу өсүмдүктөрдүн курамынан туруп, анын ичинен I жана III кабатттагы салыштырмалуу II кабаттын өсүмдүктөрү көп экендиги белгилүү болду. Үч коомдоштукта кездешкен жыттуу көкөмерендин жыштуулугу, орточо түшүмдүүлүгү, биологиялык запасы жана эксплуатациялык (абада кургатылган) запастары жөнүндө өз алдынча маалыматтар жазылды. Өсүмдүктөрдүн тиричилик формаларына карай табигый запасын аныктоонун усулдары берилди. Алай кырка тоосунун түндүк капталындагы ар түрдүү коомдоштуктарда кездешкен Zizifhora clinopodioides Lam. өсүмдүгүнүн запастары биринчи жолу аныкталып, жыйынтыгы көрсөтүлдү.*

***Негизги сөздөр**: коомдоштук, фитоценоз, жыштуулук, ассоциация, эдификаторлор, соэдификаторлор, ассектаторлор, ареал, биологиялык запас, эксплуатациялык запас.*

*В данной статье говорится о биоценозных сообществах и современном положении зизифоры пахучковидной (Zizipfora clinopodioides), произрастающей на северных склонах Алайского хребта. Помимо зизифоры пахучковидной было рассмотрено три растительного сообщества. Автор рассматривает обильность, ярусность, вегетационный период ассоциаций растений из этого сообщества. Показаны эдификаторы, соэдификаторы, ассектаторы травянистых растений в фитоценозе. Отдельно сообщается о биологических запасах, средней урожайности, обильности и запасах засушенной в эксплуатиционных условиях зизифоры пахучковидной. Для определения эксплуатационных запасов зизифоры пахучковидной была использована методика пробных площадок (для надземной части кустарников и небольших травянистых растений). Для подсчета собраных материалов была использована арифметическая формула. Впервые были определены запасы зизифоры пахучковидной в исследованном регионе и сделаны выводы.*

***Ключевые слова:** сообщества, фитоценоз, обилие, ареал, ассоциация, эдификаторы, соэдификаторы, ассектаторы, биологический запас, эксплуатационный запас.*

*The article describes the biocenotic communities and the current situation of the ziziphora (Zizipfora clinopodioides), which grows on the northern slopes of the Alay range. In addition to ziziforu, pachuchkovidnaya was considered three plants from this community. The author considers the abundance, longline, vegetation period of plant associations from this community edificators, co-edifiers; assectators of herbaceous plants in phytocenosis are shown. Indeed, it is reported on biological reserves, average yield, abundance and reserves of ziziphora dried under operating conditions. The determin the natural reserves of household forms of plants (for the aerial parts of shrubs and small herbaceous plants), a technique of experimental (model) sites (stations) was used. An arithmetic formula was used to calculate the yield data collected at the experimental (model) sites (stations). For the first time, ziziphora were identified in the studied region and conclusions were drawn.*

***Key words**: community, phytocoenosis, abundance, habitat association, edificatory, aedificator, assectator, biological reserves, and operating margin.*

Жыттуу көкөмерен - Zizipfora clinopodioides Lam. эрин гүлдүүлөр *(Labiatae)* тукумунун көп жылдык чөп же бадалча өсүмдүгү. Кыргызстандын

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



бардык жерлеринде кеңири таралган. Алай тоо кыркаларынын, Ысык-Көл өрөөнүнүн субальптык жана альптык алкактарындагы шагыл таштуу тоо аймактарынын тоо этектеринде, шалбааларында талааларда, арчалардын арасында көп өсөт. Бирок, жайыттарды туура эмес пайдалануунун жана жергиликтүү жашоочулардын пайдалануу талаптарына жараша жылдан-жылга таралуу ареалдары жана запасы азайып баратkансыйт. Жыттуу көкөмерен тамак-аштардын даамын жакшыртуу, суусундуктарга кошуу (курут, чалап суусундуктары), азык-түлүктөрдү сактоо, чай дем-демесин ар кандай ооруларды айыктыруу максатында көп колдонулат. Ошондуктан салттуу билимдерде көп колдонулган пайдалуу өсүмдүктөрдүн бири болгон жыттуу көкөмеренге да биринчи жолу этноботаникалык изилдөөлөр жүргүзүлүп, алгачкы жолу Алай кырка тоосунун түндүк капталында таралышы, түрдүк курамы, табигый запасы жана азыркы кездеги абалы аныкталды.

Буга чейин *Zizifhora clinopodioides* Lam. менен бирге салттуу билимдерде көп колдонулган пайдалуу өсүмдүктөрдүн: *Achilla filipendulina* Lam., *Hypericum perforatum* L., *Artemísia absínthium* L. запастары аныкталган аймактардагы өсүмдүктөрдүн экологиялык группалары жана тиричилик формалары изилденип, формацияда 52 уруунун 177 тукумундагы 332 түрдү камтыган аралаш гүлдүү өсүмдүктөр бар экендиги белгилүү болгон [2].

Маршруттук-рекогностикалык (камералдык аныктоо мезгилинде) изилдөөлөр кезинде жыттуу көкөмерендин коомдоштугундагы өсүмдүктөрдөн жыйналган гербарийлери аныктоо жана латынча аталыштарын тактоо үчүн адабияттык булактар [3,4,5,6] колдонулду. Ишти аткарууда колдонулган негизги терминдер, запастарды эсептөөнүн принциптери Б.А.Быковдун (1978) геоботаникалык усулдары менен аныкталды. Бул усул “Методика определения запасов лекарственных растений” (1986) көрсөтмөсүнө дал келет. Түрлөрдүн саны (жыштуулугу) Друденин (1913) шкаласы менен эсептелди [1]. Талаадагы изилдөөлөрдүн (экспедиция убагында) негизинде пайдалуу өсүмдүктөрдүн сырьелук запасын аныктоо И.Л.Крылованын *үлгү аянттарын эсептөө* усулу менен жүргүзүлдү [7]. Жыттуу көкөмерендин жер үстүңкү бөлүгү (чөбү) колдонулду. Мында, үлгү аянтта изилденүүчү жыттуу көкөмерендин чийки затынын запасынын аянттык бирдиги 1м$^2$ менен өлчөндү. Жыттуу көкөмерендин таралган жерин жана жыштуулугун эске алуу менен үлгү алынуучу аянттардын аралыгын (5, 10, 20, 100) кадамдар менен эсептеп, (20) үлгү алынды. Үлгү аянттардагы түшүмдүүлүктү аныктоо үчүн жыйналган материалдарды эсептөө төмөндөгү арифметикалык формула менен жүргүзүлдү.

$$M = \frac{\sum v}{n} \ (1); \quad C = \sum v^2 - \frac{\left(\sum v\right)^2}{n} \quad (2);$$

$$S = \sqrt{\frac{C}{n-1}} \ (3); \quad m = \frac{S}{\sqrt{n}} \quad (4);$$

$M \pm m$; $(M - 2m)$;

Абадагы кургак заттын кармалышы % азаюу менен эсептелди.Ар бир аянтта усулдун көрсөтмөсү боюнча иш алып барылды.

Алай кырка тоосунун түндүгүндө да *Zizifhora clinopodioides* кеңири таралып, эң көп кездешкен жерлериндеги өсүмдүктөрдүн 3 коомдоштугун бөлүп карадык. Аларга мүнөздүү болгон ассоциациялар:

1. Жалбырагы бүтүн аркар оттуу - жыттуу көкөмерендүү - шыралжын шыбактуу асс. (Ass. *Artemisia dracunculus + Zizifhora clinopodioides + Dracocephalum integrifolium);*
2. Табылгадай каз таңдайлуу - жыттуу көкөмерендүү-кауфман чырачтуу асс. (Ass. *Eremurus kaufmannii + Zizifhora clinopodioides + Achillea filipendulina);*
3. Шыралжын шыбактуу - жыттуу көкөмерендүү - кауфман чырачтуу асс. (Ass. *Eremurus kaufmannii + Zizifhora clinopodioides + Artemisia dracunculus);*

1. Жалбырагы бүтүн аркар оттуу - жыттуу көкөмерендүү - шыралжын шыбактуу (Ass. *Artemisia dracunculus + Zizifhora clinopodioides + Dracocephalum integrifolium)* ассоциациясын Туура-Булак жылгасынын түндүк-чыгыш капталынын өсүмдүктөрү түзөт. Жылга деңиз деңгээлинен 2000-2200 м бийиктикте жайгашып, тоонун эңкейиш багыты чыгыштан-батыш тарапка 15-20° түзөт. Фитоценоздогу чөп өсүмдүктөрдүн эдификаторлору *Artemisia dracunculus, Zizifhora clinopodioides, Dracocephalum integrifolium* Cop$_1$ жыштуулукта кездешет. Соэдификатор Sp менен *Alchemilla krylovii, Bromopsis inermis, Carum vulgaris, Deschampsia caespitosa, Microcephala lamellata, Geranium saxatile* болду. Ассектаторлорго: *Blysmus compressus, Bromopsis inermis, Carex pseudofoetida, Centaurea ruthenica, Cerastium holosteoides, Festuca alaica, Plantago major, Poa pratensis, Urtíca dioica,* жана башкалар кирет. Түрдүк курамга бадал өсүмдүктөрдөн *Lonicera hispida, Rosa alberti, Rosa laxa* Sol кездешет. Бул аянттагы жыттуу көкөмерендин таралышы ар кандай: кээ бир жерде көп топтошкон, башка жерлеринде чачылган түрдө кездешип, флоралык курамы 41 түрдү камтыйт.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*1-таблица*

**Жалбырагы бүтүн аркар оттуу - жыттуу көкөмерендүү - шыралжын шыбактуу (Ass. *Artemisia dracunculus + Zizifhora clinopodioides + Dracocephalum integrifolium)* ассоциациянын флоралык курамы (20.06. - 20. 07. 2011-2017)**

| ***Өсүмдүктүнаты*** | **Жыштуулугу** | **Вег.** | **Ярусу** |
|---|---|---|---|
| *Achillea filipendulina* | Cop2. | гүл. | II |
| *Alchemilla krylovii,* | Sp. | гүл. | II |
| *Arenaria leptoclados* | Sol. | гүл. | III |
| *Artemisia dracunculus* | Cop1. | гүл. | II |
| *Astragalus camptoceras* | Un. | гүл. | III |
| *Bidens tripartita* | Un. | бутон. | II |
| *Blysmus compressus* | Cop1. | урук. | III |
| *Bothriochloa ischaemum* | Sol. | гүл. -урук. | II |
| *Bromopsis inermis* | Sp. | гүл. -урук. | II |
| *Bupleurum ferganense* | Sol. | гүл. -урук. | II |
| *Capsella bursa postoris* | Sol. | гүл. -урук. | III |
| *Cardaria repens* | Sol. | гүл. | II |
| *Carex pseudofoetida* | Sol. | урук. | III |
| *Carum vulgaris* | Sp. | гүл. | II |
| *Centaurea ruthenica* | Sp. | бутон. -гүл. | II |
| *Cerastium holosteoides* | Un. | гүл. | III |
| *Chalcanthus renifolius* | Un. | гүл. -урук. | II |
| *Cirsiumin canum* | Un. | гүл. | II |
| *Convolvulus arvensi* | Sp. | гүл. | III |
| *Deschampsia caespitosa* | Sp. | гүл. -урук. | II |
| *Dracocephalum integrifolium* | Cop1. | гүл. | III |
| *Festuca alaica* | Cop. | гүл. -урук. | II |
| *Galium spurium* | Sp. | гүл. | III |
| *Geranium saxatile,* | Sol. | гүл. | II |
| *Hypericum perforatum* | Cop1. | гүл. | II |
| *Hypericum scabrum* | Sol. | гүл. | II |
| *Ligularia thomsonii* | Sol. | гүл. | II |
| *Lithospermum arvense* | Sol. | гүл. | II |
| *Lonicera hispida* | Sol. | гүл. | I |
| *Microcephala lamellata* | Sp. | гүл. | III |
| *Plantago major* | Un. | гүл. -урук. | III |
| *Poa pratensis* | Cop. | гүл. | II |
| *Polygonum persicaria* | Sol. | бутон. -гүл. | II |
| *Rosa alberti* | Sol. | мөмө. | I |
| *Rosa laxa* | Un. | гүл. | II |
| *Thalictrum simplex* | Cop1. | гүл. -урук. | I |
| *Urtica dioica* | Sol. | гүл. | II |
| *Valerianella plagiostephana* | Un. | гүл. | II |
| *Zizifora clinopodioides* | Cop1. | гүл. | III |

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Ассоциациядагы өсүмдүктөр 17,5 га аянтты ээлеп, өсүмдүктөрдүн жыштуулугу 55-60 %, анын ичинен *Achillea filipendulina 10-15* % түзүп, биологиялык запасы 12,775 т, эксплуатациялык абада кургатылган 3,1 т запаска ээ болушу белгилүү болду.

2.Табылгадай каз таңдайлуу - жыттуу көкөмерендүү - кауфман чырачтуу (Ass. *Eremurus kaufmannii + Zizifhora clinopodioides* + Achillea *filipendulina)* ассоциацияга Бел-Алма жылгасынын өсүмдүктөрү кирет. Жылга деңиз деңгээлинен 1900-2000 м бийиктикте жайгашып, чыгыштан-батышка карай 25-30° эңкейиште турат. Бул формацияда бадал өсүмдүктөрүнөн: *Lonicera corolkovii* (Sol), *Caragana turkestanica* (Sol), кездешет. Фитоценоздогу чөп өсүмдүктөрдүн эдификаторлору *Eremurus kaufmannii, Zizifhora clinopodioides, Achillea filipendulina* $Cop_1$ кездешет. Соэдификатор Sp түрүндө *Astragalus spinescens, Artemisia Dracunculus, Bromopsis inermis, Gypsophila cephalotes Elymus kronenburgii, Festuca alaica, Geranium albiflorum, Zizifora tenuior,* болду. Ассектаторлорго: *Plantago lanceolata, Agropyron lolioides, Bromopsis inermis, Carex microglochin, Centaurea cyanus, Centaurea squarrosa, Poa diaphora, Convolvulus tragacanthoides, Colvolvilus arvensis, Euphorbia canescens* жана башкалар кирет. Түрдүк курамга бадал өсүмдүктөрдөн *Caragana turkestanica* Sol жыштуулукта кездешет. Бул аянттагы жыттуу көкөмерендин таралышы ар кандай: кээ бир жерде көп топтошкон түрдө, башка жерлеринде чачылган түрдө кездешет.

*2-таблица*

**Табылгадай каз таңдайлуу - жыттуу көкөмерендүү - кауфман чырачтуу (Ass. *Eremurus kaufmannii + Zizifhora clinopodioides + Achillea filipendulina)* ассоциациянын флоралык курамы (20.06. -20. 07. 2011-2017)**

| ***Өсүмдүктүн аты*** | **Жыштуулугу** | **Вег.** | **Ярусу** |
|---|---|---|---|
| *Achillea asiatica* | Sp. | гүл. | II |
| *Achillea filipendulina* | Cop1. | гүл. | II |
| *Aconitum nemorum* | Un. | бутон. -гүл. | II |
| *Agropyron lolioides* | Cop1. | гүл. -урук. | II |
| *Agropyron schrenkianum* | Sp.-Cop1. | гүл | II |
| *Astragalus spinescens* | Sp. | бутон. -гүл. | II |
| *Anthriscus sylvestris* | Sol. | гүл. | I |
| *Arnebia tibetana* | Sol. | гүл. | III |
| *Artemisia Dracunculus* | Sol. | бутон. -гүл. | II |
| *Artemisia scoparia* | Sol. | бутон. | II |
| *Berberiso blonga* | Sol. | урук. | I |
| *Bromopsis inermis* | Sp. | гүл. -урук. | II |
| *Bupleurum aureum* | Sol. | гүл. -урук. | II |
| *Bupleurum rotundifolium* | Sol. | гүл. -урук. | II |
| *Eremurus kaufmannii* | Cop1 | урук. | II |
| *Festuc aalaica* | Sp. | гүл. | II |
| *Carex microglochin* | Sp. | гүл. -урук. | III |
| *Centaure acyanus* | Sp. | бутон. -гүл. | II |
| *Centaurea squarrosa* | Sp. | бутон. -гүл. | II |
| *Cichorium intybus* | Un. | гүл. | II |
| *Convolvulus tragacanthoides* | Un. | гүл. | III |
| *Chenopodium glaucum* | Un. | бутон. -гүл. | II |
| *Crepis multicaulus* | Un. | гүл. | III |
| *Dracocephalum integrifolium* | Sol. | гүл. -урук. | II |
| *Elymus kronenburgii* | Sp. | гүл. -урук. | II |
| *Geranium albiflorum* | Sp. | гүл. | II |
| *Gypsophila cephalotes* | Sp. | гүл. | III |
| *Plantago lanceolata* | Sol. | гүл. -урук. | III |
| *Poa diaphora* | Sp.-Cop1. | гүл. | III |
| *Scutellaria galericulata* | Sol. | гүл. -урук. | III |
| *Sorghumha lepense* | Sol. | гүл. | II |
| *Thlaspi arvense* | Sol. | гүл. -урук. | II |
| *Verbascum blattaria* | Un. | гүл. | II |
| *Zizifora tenuio* | Sp. | гүл. | III |
| *Zizifora clinopodioides* | Cop1. | гүл. | III |

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Коомдоштуктун флоралык курамы 37 түрдү камтыйт. Бул ассоциация 12,5 га аянтты ээлеп, өсүмдүктөрдүн жыштуулугу 60-65%, анын ичинен *Zizifhora clinopodioides 10-15*% чейин жетип, биологиялык запасы 7,996 т эксплуатациялык абада кургатылган запасы 2,27 т болду.

3.Шыралжын шыбактуу - жыттуу көкөмерендүү - кауфман чырачтуу (Ass. *Eremurus kaufmannii* + *Zizifhora clinopodioides* + *Artemisia dracunculus)* ассоциацияга Кошжан жылгасынын түндүк-чыгыш капталындагы өсүмдүктөр кирет. Жылга деңиз деңгээлинен 1800-2000 м бийиктикте жайгашып, эңкейиш багыты чыгыштан-батыш тарапка 25-30° түзөт. Бул формацияда бадал өсүмдүктөрүнөн Sol *Lonicera corolkovii*, *Caragana turkestanica*, *Rosa canína*, кездешет. Фитоценоздогу чөп өсүмдүктөрдүн эдификаторлору *Artemisia dracunculus, Zizifhora clinopodioides, Dracocephalum integrifolium* $Cop_1$ жыштуулукта кездешет. Соэдификатор Sp түрүндө *Artemisia absinthium, Poa angustifolia, Eremurus kaufmannii, Achillea filipendulina, Asperula humifusa, Astragalus tibetanus* кездешет. Ассектаторлорго: *Agropyron cristatum, Carex diluta, Cerastium inflatum, Cerastium perfoliatum, Euphorbia canescens, Festuca gigantea, Poa angustifolia, Poa annua, Plantago lanceolata* жана башкалар кирет. Түрдүк курамга бадал өсүмдүктөрдөн *Rosa alberti, Barbarea vulgaris, Caragana turkestanica* Sol кездешет.

*3-таблица*

**Шыралжын шыбактуу - жыттуу көкөмерендүү - кауфман чырачтуу (Ass. *Eremurus kaufmannii* + *Zizifhora clinopodioides* + *Artemisia dracunculus)* ассоциациянын флоралык курамы (20.06. -20. 07. 2011-2017)**

| ***Өсүмдүктүн аты*** | **Жыштуулугу** | **Вег.** | **Ярусу** |
|---|---|---|---|
| *Achillea filipendulina* | Sol. | гүл | II |
| *Agropyron cristatum* | Cop1. | урук. | II |
| *Agrostis stolonifera* | Sol. | бутон. | II |
| *Artemisia absinthium* | Sol. | гүл | II |
| *Artemisia dracunculus* | Cop1. | гүл | II |
| *Asperula humifusa* | Sp. | гүл. -урук. | III |
| *Valeriana ficariifolia* | Un. | гүл. | II |
| *Barbarea vulgaris* | Sol. | мөмө. | I |
| *Bromopsis inermis* | Sp. | гүл. -урук. | II |
| *Bupleurum krylovianum* | Sol. | гүл. -урук. | II |
| *Caragana turkestanica* | Sol. | гүл. | II |
| *Carex diluta* | Sol.-Sp. | гүл. -урук. | II |
| *Cerastium inflatum* | Sol. | гүл. | III |
| *Cerastium perfoliatum* | Un. | гүл. | III |
| *Cirsium arvense* | Un. | гүл. | I |
| *Conium maculatum* | Sol. | гүл. | I |
| *Convolvulus lineatus* | Sp. | гүл. | III |
| *Chenopodium botrys* | Un. | бутон. -гүл. | II |
| *Dracocephalum integrifolium* | Cop1. | гүл | III |
| *Eremurus kaufmannii* | Sp. | урук. | II |
| *Erodium stephanianum* | Un. | гүл. | III |
| *Euphorbia canescens* | Un. | гүл. | II |
| *Festuca gigantea* | Sp. | гүл. -урук. | I |
| *Galiumtu rkestanicum* | Un. -Sol. | гүл. | II |
| *Haplophyllum acutifolium* | Sol. | гүл. -урук. | II |
| *Lactuca serriola* | Un. | гүл. | II |
| *Lepidium latifolium* | Sol. | гүл. -урук. | II |

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



| | | | |
|---|---|---|---|
| *Lonicera corolkovii* | Sol. | мөмө | I |
| *Lycopus europaeus* | Sol.-Sp. | гүл. -урук. | II |
| *Nepeta pannonica* | Sp. | гүл. | II |
| *Plantago lanceolata* | Sol. | гүл. -урук. | III |
| *Poa annua* | Sp.-Cop1. | гүл. | III |
| *Rosa alberti* | Sol. | гүл. | I |
| *Potentilla gelida* | Sp. | бутон. -гүл. | III |
| *Scorzonera parviflora* | Sol. | гүл. | III |
| *Stellaria alsinoides* | Sp. | гүл. -урук. | III |
| *Taraxacim montanum* | Sol. | гүл. -урук. | III |
| *Zizifora clinopodioides* | Cop1. | гүл. | III |

Бул аянттагы жыттуу көкөмерендин таралышы чачылган түрдө кездешет. Коомдоштуктун флоралык курамы 40 түрдү камтыйт. Ассоциациянын жалпы аянты 19,6 га ээлеп, өсүмдүктөрдүн жыштуулугу 60-70 % чейин жетет. Анын ичинен *Zizifhora clinopodioides 10-15* % түзүп, биологиялык запасы 10,976 т эксплуатациялык абада кургатылган запасы 2,74 т болду.

*4-таблица*

**Алай кырка тоосунун түндүгүндөгү ар түрдүү коомдоштуктарда кездешкен *Zizifhora clinopodioides* Lam. өсүмдүгүнүн запастары** (% азаюу салмагын эсептөө менен)

| № № | Өсүмдүктөрдүн ареалдарда таралышы жана коомдоштугу | *Жалпы аянты, га* | Орточо түшүмдүүлүк г/м$^2$ (M±m) | Биолог запасы, т. | Экспл. рапасы, т. |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | *Artemisia dracunculus* + *Zizifhora clinopodioides* + *Dracocephalum integrifolium* Туура-Булак | 17,5 | 0,089 ± 0,008 | 12,775 | 3,1 |
| 2. | *Eremurus kaufmannii* + *Zizifhora clinopodioides* + *Achillea filipendulina*<br>Бел алма жылгасы | 12,5 | 0,067 ± 0,004 | 7,996 | 2,27 |
| 3. | *Eremurus kaufmannii* + *Zizifhora clinopodioides* + *Artemisia dracunculus* Кошжан жылгасы | 19,6 | 0,064 ± 0,004 | 10,976 | 2,74 |
| | ***Баары*** | **49,6** | **0,22 ± 0,016** | **31,747** | **8,11** |

Алай кырка тоосунун түндүгүндө өскөн жана салттуу билимдерде дары катары көп колдонулган *Zizifhora clinopodioides* менен биргелешкен өсүмдүктөрдүн үч коомдоштугуна мөнүздөмө берилди.

Алардын жалпы аянты 49,6 га ээлеп, өсүмдүктөрдүн жыштуулугу 55-60 % түзөт. Анын ичинен *Zizifhora clinopodioides*20-25 % түзүп, орточо түшүмдүүлүгү 0,22 ± 0,016 г/м$^2$, биологиялык запасы 31,747 т, эксплуатациялык абада кургатылган запасы – 8,11 т болду.

**Адабияттар:**


1. Быков Б.А. Геоботаника. Алмата: Наука, 1978. - С. 288.
2. Долонова Г.М. Важность традиционных знаний описании различных признаков и названий растений. Современные проблемы науки и образования. - Москва, №6. - 30.11.2015.
3. Флора Киргизской ССР; Определитель растений Киргизской ССР. Изд. АН Киргизской ССР. Том -1-11. 1962. - С.107.
4. Лазьков Г.А. Кадастр флоры Кыргызстана Б.А. Султанова Сосудистые растения. - Бишкек, 2014. - С. 125.
5. Определитель растений земледельческой зоны Киргизии [Текст] // [спайнолепестные] Определитель составлен под руководством Е.В. Никитиной. Изд. “Илим” Фрунзе. 1979. - С. 211.
6. Султанова Б.А. Русско-Кыргызский словарь названий растений и биологических терминов Г.А. Лазьков, М.Р. Ганыбаева, Г.А. Койчубекова. - Б., 2013. - С. 340.
7. Крылова И.Л. О числе учетных площадок и модельных экземпляров при определении урожайности лекарственных растений // Растительные ресурсы. 1973. - Т. 9. - №3. - С. 457-466.


**Рецензент: к.хим.н., доцент Бабеков А.У.**